КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ

talaskenesh@mail.ru talaskenesh@mail.ru

**Депутаттардын Талас шаардык кенешинин VIII чакырылыштагы
кезексиз XXXIV сессиясынын
№235/34-8 ТОКТОМУ**

**10-май, 2024-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаарынын Ж.Рыскулов көчөсүнүн №1 дарегинде жайгашкан мейманкананын имаратын жана ага тиешелүү 12534 чарчы метр жер тилкесин Талас шаарынын муниципалдык менчигине өткөрүүгө макулдук жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 6-беренеси, Талас шаарынын мэриясынын 29.04.2024-жылдагы №01-19/1119 чыгыш сандуу катынын негизинде, Депутаттардын Талас шаардык кенешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу маселелери боюнча” туруктуу комиссиясынын протоколдук сунушун жана корутундусун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас шаарынын Ж.Рыскулов көчөсүнүн №1 дарегинде жайгашкан мейманкананын имаратын жана ага тиешелүү 12534 чарчы метр жер тилкесин Талас шаарынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлгө алуу жагы Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (А.Сариева) тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы Депутаттардын Талас шаардык кенешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу маселелери боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (У.Атагелдиев) тапшырылсын.

**Төрага** **К.Джаныбеков**